УДК 801·73

**Токторбаева Фарида Артыковна, Азизбек уулу Бактыбек**
И.Арабаев атындагы КМУнун Лингвистика кафедрасынын магистранты
ф.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун Лингвистика кафедрасынын доценти
**Токторбаева Фарида Артыковна, Азизбек уулу Бактыбек**
Магистрант кафедры лингвистики КГУ им.И.Арабаева
к.ф.н., доцент кафедры лингвистики КГУ им.И.Арабаева
**Toktorbaeva Farida Artykovna, Azizbek uulu Baktybek**
Master student of the Department of Linguistics, Arabaev KSU
candidate of philological science, Associate Professor of the Department of Linguistics, KSU named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ САЯСИЙ ДИСКУРС

# ПОЛИТИЧЕСКИЙ ДИСКУРС В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

# POLITICAL DISCOURSE IN KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация:** Бул илимий макалада азыркы заманбап дуйнодо саясий дискурс коз карандысыз полемика чындыка айлангандыгына жана белгилуу мыйзамдарга ылайык онукондугуно байланыштуу. Макалада жалпысынан “дискурс” жана “саясий дискурс” тушунугу такталат жана саясий дискурс боюнча ар кандай изилдениши тууралуу маселелерге саресеп салынат. Бул макалада кыргыз тилиндеги саясий дискурска байланышкан суроолор каралат. Саясий текстти тузуу процесси, анын натыйжалары жана экстралингвистикалык факторлор, Кыргызстандын шартындагы бул процесстин озгочолуктору талданат.

Автор саясий дискурс ар кандай дискурстун эн корунуктуусу жана республикадагы саясий процесстердин кыймылына активдуу таасир этет деген жыйынтыка келген.

**Аннотация:** Актуальность данной работы связана с тем, что в современном мире политический дискурс становится самостоятельным смысловым полем - некой реальностью, которая существует и развивается по определенным законам. В статье уточнено понятие "дискурс" в целом и "политический дискурс" в частности, рассмотрены различные подходы в лингвистическом исследовании политического дискурса. В статье рассматриваются вопросы, связанные с политическим дискурсом кыргызского языка. Анализируются процесс формирования политического текста, его результаты и экстралингвистические факторы, специфика данного процесса в условиях Кыргызстана. Автор приходит к заключению, что политический дискурс является специфической разновидностью дискурса, активвно влияет на движение политических процессов в республике.

**Annotation:** The article deals the political discourse in Kyrgyz language.The process of forming a political text, its results and extralinguistic factors is analyzed. The relevance of this work is connected with the fact that in the modern world political discourse becomes an independent semantic field - a certain reality that exists and develops according to certain laws. The process of the formation of the political text, its results and extralinguistic factors, the specifics of this process in the conditions of Kyrgyzstan are analyzed. The author comes to the conclusion that political discourse is a specific type of discourse, actively influences the movement of political processes in the republic.

**Негизги сөздөр:** дискурс, саясий дискурс, тексттин лингвистикасы, саясий лингвистика, метафора, номинация, коннотация, лексика, ж.б.

**Ключевые слова:** дискурс, политический дискурс, лингвистика текста, политическая лингвистика, метафора, номинация, коннотация, лексика.

**Keywords:** political linguistics, discourse, metaphor, nomination, connotation, vocabulary.

**Дискурс** (франц. Discours – кеп) – прагматикалык, социалдык, маданий, психологиялык, ар түрдүү экстралингвистикалык факторлордун жуурулушу аркылуу куралган текст, кептик структура, жандуу турмуштук аспектини, адамдардын өзара карым-катышын, алардын максаттуу социалдык маданий, саясий иш-аракетин, когнитивдик процесстерди чагылдырып, аларга таасир эткен кептик ишмердик, кептик структура, текст.

Кээде дискурсту «жандуу турмушка чөгөрүлгөн», «турмуштун казанында кайнаган кеп» деп да аташат. Ошондуктан дискурс текст термининен кичине айырмаланып, байыркы тексттерди атоодо колдонулбайт, себеби ал тексттер жандуу турмуштук кырдаалдар менен бүгүнкү тапта байланышсыз. Дискурс бүгүнкү күндүн «турмуштук формалары» (саясат, экономика, дипломатия, маданият, публицистика, укук ж.б.у.с.) менен карым-катышта изилденет жана ушул «турмуштук формалар» же жашоо, турмуштук контексттик дискурсфрейм (типтүү кырдаал) же сценарий түрүндө моделдешет. Дискурс түшүнүгүнүн жаралышы адегенде, синтаксисти сүйлөм чегинен жогорку структураны анализдөө зарылчылыгынан (гиперсинтаксис, макросинтаксис, тексттин синтаксиси –Тван Дейк, В.Дреслер), кептин прагматикасын иштеп чыгуу менен, кепти социалдык таасирлүү иш-аракет катары түшүнүүдөн келип чыккан. Кийин Дискурс түшүнүгү прагматикалык жактан шартталган, коюлган максаты боюнча, тексттик структуранын түрлөрү боюнча айырмаланган кептин типтерин атоо үчүн колдонулуп калды.

Саясий жашоонун ар бир көз ирмеминде көрүнгөн саясий бийлик, саясий окуялар менен көрүнүштөрдүн бир огуна ылайык, ички саясий системалар жана пайыздык топтордун бул системада жараткан байланыштын түрлөрү; техникалык колдоо жана өзгөчөлүк байланыш түрлөрүн көрсөткөн; Мындай өзгөчөлүк менен объектилер менен бириктирүү жана массалык байланыш катары, мамлекеттин идеологиялык, түзүлүштөр менен бирге бардык тиешелүү иш-аракеттер, бардык жазылган жана ал кандай таасир көрүү медиа каражаттарынын түрлөрү жана бул багытта коомчулуктун алдыга коюлат кандай түздөн-түз ошол талдоо.

Саясий лингвистика – лингвистика жана саясий илимдеринин негизинде пайда болгон лингвистиканын бир тармагы. Ал азыркы лингвистикалык тармактар, өзгөчө прагмалингвистика, коммуникативдик жана когнитивдик лингвистика менен тыгыз байланышат. Саясий лингвистика илимине кызыгуу орус тил илиминде 90-жылдардын башында пайда болгон. Алсак, Алтунян, Проскуряков, Шейгал ж.б. эмгектери саясий лингвистиканын маселелерине арналган. Саясий лингвистиканын негизги маселелерин, предметин аныктаган, тил илиминдеги ордун кеңири камтыган эмгек орус изилдөөчүсү А.Чудиновдун «Саясий лингвистика» (2003) аттуу эмгегин белгилөөгө болот. Азыркы саясий лингвистикага азыркы тил илиминин негизги өзгөчөлүктөрү толугу менен мүнөздүү. Алсак, антропоцентризм ( тилдик кубулуштарды изилдөөдө адам жана анын жүрүм-туруму негизги мааниге ээ болот), функционализм (тилди иш-аракеттерде изилдөө), экспланатордук (тилдик фактыларды сыппаттап гана койбостон, ага түшүндүрмө берет [Чудинов, 2003]. Саясий коммуникациянын негизги мүнөзү, белгилери катары төмөнкү антиномияларды бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) ритуалдуулугу жана информативдүүлүгү; 2) институционалдуулугу

жана жекече мүнөзгө ээ болуусу; 3) эзотерикалуулугу жана жалпыга жеткиликтүү болгондугу; 4) редукционизм жана саясий тексттеги маалыматтын көп аспектте болушу; 5) саясий тексттин авторунун болушу жана анонимдүүлүгү; 6) саясий тексттин интертекстуалдуулугу жана автономдуулугу; 7) саясий коммуникациядагы агрессивдүүлүк жана толеранттуулук [Чудинов, 2003]. Саясий лингвистиканын негизги түшүнүгү саясий дискурс болуп саналат. Саясий дискурс өзгөчө мүнөзгө ээ болгон, саясий бийликти багындыруу жана бекемдөө максатын көздөгөн дискурстун түрү. Лингвистикалык адабиятта саясий дискурс бүтүндөй бир бирдикти түзгөн элементтердин жыйындысы катары көп аспектилүү жана көп пландуу кубулуш. Демек, саясий дискурс – саясий талкууларда колдонулаган бардык тилдик актылардын, ошондой эле салт болуп калган жана тажрыйбадан өткөн коомдук саясаттын эрежелеринин жыйындысы [Сорокин, 1997]. Акыркы мезгилде саясий дискурс маселелери Е.И.Шейгалдын «Саясий дискурстун семиотикасы» деген эмгегинде толук изилдөөгө алынган. Бул эмгекте саясий дискурс, дискурстун башка түрлөрү сыяктуу эле реалдуу жана виртуалдуу деген эки ченемге ээ. Реалдуу ченем – бир социалдык мейкиндиктеги кеп ишмердиги, ошондой эле анын натыйжасында пайда болгон, лингвистикалык, пралингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлордун карым-катышынан турган кеп чыгармачылыгы, текст. Дискурстун виртуалдык ченеми – вербалдык жана вербалдык эмес белгилерди камтыган семиотикалык мейкиндик. Анын денотаты – саясий дүйнө, бул чөйрөгө таандык болгон айтымдардын тезаурусу, кептик иш-аракеттердин жана жанрлардын моделдери [Шейгал, 2000]. Ю.А.Сорокин саясий дискурсту идеологиялык дискурс менен карым-катышта аныктайт: Саясий дискурс – идеологиялык дискурстун бир түрү. Бирок саясий дискурс эксплицитикалык прагматикага ээ, ал эми идеологиялык-имплицистикалык прагматикага ээ. Дискурстун биринчи түрү – субдискурс, экинчи түрү – метадискурс [Сорокин, 1997]. Демек, саясий дискурс термини лингвистикалык адабиятта кең жана тар мааниде колдонулат. Кең маанисинде пикир алышууга катышкан субъект, адресат же маалыматтын мазмуну саясий чөйрөгө тиешелүү болот. Тар маанисинде саясий дискурс – сясий бийликти сактоо жана жүргүүзүүнү максат кылган дискурстун бир түрү. Изилдөөдө дискурстун кең маанисине таянып, саясий тексттин жаралыш процесси, анын жыйынтыгы, ага таасир эткен экстарлингвистикалык факторлорду да киргизүүгө болот. Азыркы тил илиминде «дискурс» термини бардык тилдик жана тилдик эмес факторлордун жыйындысынан түзүлгөн ар кандай кепти жана кеп чыгармачылыгын аныктайт. Кыргыз тил илиминде саясий дискурс азырынча илимий изилдөөгө алына элек, жаңы багыттардын бири. Саясатты түшүнүү аракеттери байыркы доордо эле башталган. Ал мамлекет менен кошо пайда болуп, аны менен бирге өнүгүп келе жатат. Саясий тармакты таануунун алгачкы формасы диний-мифологиялык чечмелөөлөргө байланыштуу болгон. Сакталып калган тарыхый булактарда алгачкы доордо биздин эрага чейинки I-II миңинчи жылдарда бардык элдерде бийликти жана коомдогу саясий түзүлүштү кудай жараткан деген түшүнүк орун алган. Бир миңинчи жылдардын орто ченинде саясий көз караштарды адамдын акыл-эсине байланыштырып түшүндүрүү аракеттери, алгачкы саясий категориялар менен аныктамалар пайда болот. Кийинчерээк философиялык-этикалык мүнөздөгү саясий теориялар иштелип чыгат. Ошентип, саясат теориялык жактан изилдене баштайт. Чыгыш өлкөлөрүнүн атактуу окумуштуулары Конфуций, Мо-Цзы, Заратустралардын, Батыштагы Сократ, Платон, Аристотель, Цицерондордун чыгармаларында саясат адамдын жыргалчылыкка жетишүү жолдорун иликтөөчү, жакшы мамлекеттик түзүлүштү камсыз кыла турган илим катары берилген. Аристотель саясат таануунун изилдөө объектилери катары акыйкатчылык, адамдарга жакшылык кылууну белгилеген. Улуу ойчул акыйкатчылык, адамдарга жакшылык

кылуу акылдын күчү менен курулган мамлекетте гана болушу мүмкүн деген пикирде болгон. Аристотелдин ою боюнча, бардык илимдердин жана өнөрлөрдүн арасынан өзгөчө орунду ээлейт. Жарандарды тарбиялап, алардын эң жакшы адамдык сапаттарын өстүрүү жана жүрүш-турушун оңдоо анын негизги максаттары болуп саналат. Демек, Аристотелдин көз карашында, саясат таануу адамдарды акыйкат жакшы турмушта чогуу жашоого үйрөтүү үчүн зарыл. Ал эми саясий бийлик кандайдыр бир деңгээлде тил аркылуу ишке ашат. Тил менен саясатчы тилдик жөнөкөй ыкмалардын жардамы менен реципиенттин инсандык чөйрөсүнө өтөт. Мисалы, «мен» деген ат атоочтун ордуна «биз» ат атоочун колдонот, пикир алышуу тилин тандайт (кош тилдүүлүк болсо), же манипуляциялык ыкма сыяктуу (тилдик оюн) татаал формаларды тандайт. Манипуляциялык ыкма – элге өзүнүн көз карашын, пикирин таңуулоо болуп саналат. Адресант аны чындык деп эсептебейт, бирок өзү үчүн пайдалуу. Бул көрүнүш реципиент тарабынан сынчылдык ойломго тоскоол кыла турган атайын ыкманы колдонуу менен байланыштуу. Бийликтин тили бардык коомчулукта пайдаланылат. Алсак, диктатура шартында тил коомго үстөмдүк кылууда негизги курал катары колдонулат. Ал эми күчтүү демократиялык коомдо тилди өз орду менен, ыктуу колдонуу жалпы коомчулук арасында өзүнчө бир пикирди, көрүнүштү жаратат, башкача айтканда, бийликти кармоонун негизги куралы деп айтууга болот. Саясий дискурстагы тилдин кызматын изилдөөдө эки негизги маселе бар – бийликтин тили жана тилдин бийлиги. Бийликтин тили – учурдагы бийлик кандай сүйлөгөндүгүн, кандай тилдик каражаттарды жана ыкмаларды колдонорун аныктайт, т.а., бул лингвистиканын предмети. Ал эми тилдин бийлиги – ал тилдик каражаттар жана ыкмалар жалпы элдик массага кандай таасир этиши. Бул саясий лингвистикада иликтөөгө алынышы керек [Маслова, 2008]. Саясатчынын кеби жалпы элдик массанын аң-сезимине туура таасир бериши керек, анын айтымдары жалпы көз караштарга жана адресаттардын пикирине ылайыкталат. Ошондуктан дасыккан саясатчы кебинде жалпыга маалым ар кандай символдорду, архетиптерди жана ритуалдарды колдонот. Кыргыз тилиндеги саясий кепке кыргыздын ат оюндарына, согушка, ооруга байланыштуу лексикасынын негизинде түзүлгөн метафоралык түшүнүктөр мүнөздүү. Мисалы: шайлоого ат салышуу, мөөрөйдү алуу, шайлоого аттануу, атка минер, оорукчан коом, маалыматтык согуш ж.б. Саясатчынын кеби дайым эле аргументтештпейт жана логикалык жактан байланыштуу болбойт. Албетте, бул көрүнүш кокустук эмес, анткени кээде өзүнүн кызыкчылыгын коргоп жатып, угуучунун эмоциясына, сезимине жана башка моралдык жагдайына таасир этиши мүмкүн. Дагы бир таасирдүү ыкма – адамдын когнитивдик чөйрөсүнө тиешелүү түшүнүктөрдү да камтып кетүү болуп саналат. Мындай учурда бир ойдон экинчи бир ойго билгизбей өтүп кетүүгө болот [Маслова, 2008]. Бийликтин тили карама-каршылыктуу келет. Бир жагынан, ал бардык адамдарга белгилүү болот. Белгилүү болгондой, саясатта көпчүлүк талаш-тартыштар, талкуулар сөз үчүн келип чыгат. Башкача айтканда, кээ бир саясатчылар сөздү кебинде туура эмес, же атайын максатты көздөп колдонушу мүмкүн. Экинчи жагынан, саясатчылар коомго тил аркылуу таасир кылуусу үчүн, көпчүлүк калк тилдин ролун толук аңдап билбөөсү зарыл. Ошентсе да, саясатчылар өздөрү тилдин саясий дискурстагы ордун дайым эле биле беришпейт. Тилдик оюн – тилдеги бир эле сөздүн ар кандай түрдө, мааниде колдонуу. Мисалы, депутаттар, саясатчылар, атка минерлер көп колдонгон сөздөргө булар кирет. Мисалы: мамлекет – өлкө, Мекенибиз, жерибиз; эл-журт, калк, карапайым калк, жарандарыбыз, коомчулук, электорат, шайлоочулар ж.б. Бул синоним сөздөрдүн ар биринин колдонулуш чөйрөсү бар, таасир этүүчү касиетке ээ. Алсак, тигил же бул депутат карапайым элдин алдына келгенде кебинде бул сөздөрдү колдонот: калайык, эл-журт, аталар, энелер, бир туугандар ж.б. Албетте, анын

кеби элдин аң-сезимине таасир калтыруу, өзү жөнүндө жакшы пикир жаратуу максатын көздөйт. 1.Саясий чөйрө үчүн сөздүн негизги маанисин күчөтүп, ага байланыштуу коннотацияны, өзгөчө оң маанидеги сөздөрдү колдонуу мүнөздүү. Сөздүн маанисине таасир этүү анын сырткы формасын өзгөртүү аркылуу ишке ашат. Алсак, сөздөрдү кыскартуу, аббревиация ж.б. Мисалы: Ж.Оторбаевдин жумуштан кетишине ЖК депутаттары себепкер (интернет). 2.Сөздөр аркылуу манупиляция кылуу. Мында сөздүн маанисине негизделбестен, тигил же объектти атоодо тиешелүү сөздү тандап алуу. Натыйжада, модалдуулук сүйлөөчү тараптын пайдасына өтөт. Мисалы: Кыргызстанда гендердик маселе мышык ыйлай тургандай (интернет). Бул сүйлөмдө терс маанидеги коннотация мышык ыйлай тургандай деген туруктуу сөз айкашы менен берилип, субъекттин баалоосун эксплицистикалык каражат аркылуу туюндуруп жатат. Сүйлөөчүнүн мындай номинацияны колдонушунун эки себеби бар: а)аудитория терс жана нейтралдуу баалаган объектти оң жана нейтралдуу багытка буруу же, тескерисинче, максатты көздөө. Объекттин терс образын жаратуу үчүн терс маанидеги сөздөр, компоненттер колдонулат. Ал эми оң образды жаратуу үчүн нейтралдуу жана оң маанидеги сөздөр, сөз айкаштары колдонулат. Тилдик материалды талдоонун жыйынтыгында азыркы учурда саясий тилге, өзгөчө дүйнөлүк саясий системанын өзгөрүшүнө экстралингвистикалык факторлор чоң таасир этээри маалым болду. Кийинки мезгилдерде пейоративдик лексика, терс коннотациядагы лексика, кеңири колдонулуп келе жатат. Мисалы: Деги, мамлекеттин маанилүү тармагын ушундай “эрдиктери” менен атагы чыккан, суу куйду чиновникке ишенип берүүгө болобу? Ал атка минер сактыгынан эмес, суктугунан кетти (интернет). Бул мисалдагы суу куйду «жинди, акылсыз» деген маанини берсе, экинчи мисал кыргыз тилиндеги макалдын мисалында алынып отурат. Ошондой эле кыргыз саясатында мындай бир топ сөздөр бар: сасык саясат, башынан ылдый суу куйду, мээси жок, иммунитети начар ж.б. Саясий лингвистикада терс маанидеги коннотация салыштырмалуу көбүрөөк колдонулгандыгы байкалат. Натыйжада, социалдык-саясий лексиканын басымдуу колдонулушу – коркунучтуу лингвистикалык синдром. Себеби ал элдин социалдык жана нравалык турмушуна түз байланышат. Тигил же бул сөздүн коннотациясын жана модалдуулугун эвфемизм, какшык сөздөр өзгөртө алат:. Мисалы: Биздин депутаттар абдан чарчап кеткендиктен, каникулга кетүүнү чечишти («Алиби»). Саясатчылар колдонгон сөздөр, көбүнчө, денотаттар менен дал келсе, коннотациясы боюнча айырмаланат. Мисалы, контртеррористтик операция жана согуш, кан төгүү жана өлтүрүү. Мындай өз ара синонимдик мааниде келген сөздөр тилде прагмема деп аталат. Ал эми саясатчылардын, депутаттардын, атка минерлердин иштерин сындаган макалалар массалык-маалымат каражаттарында ар кандай лексикалык каражаттар менен берилип келет. Албетте, ММКнын тили өзүнчө изилдөөнүн талап кылат. Ошентип, саясий дискурста тилдеги сөздөр мааниси өзгөртүлүп, же объектти аныктоо үчүн тиешелүү сөздөрдү тандап алуу жолу менен колдонулат. Жыйынтыктап айтканда, саясий лингвистика азыркы мезгилде тил илиминин негизги багыты болуу менен бирге, жаңыдан изилдене баштаган илимдердин бири. Анын ичинен кыргыз тилинин саясий лингвистикасы өзүнчө илимий изилдөөнүн талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы. Б.:2015.-256 б.
2. Маслова В.В. Политический дискурс: языковые игры или игры в слова?//Политическая лингвистика. Вып.1 (24). Екатеринбург, 2008. с.43-48.
3. Сорокин Ю.А. Политический дискурс: попытка истолкования понятия//Политический дискурс в России. М., 1997.

4. Чудинов А.П. Политическая лингвистика//Общие проблемы, метафора. Учеб.пособие. Екатеринбург, 2003. 194 с.
5. Шейгал Е.И. Семиотика политического дискурса. Волгоград, 2000.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Кадыралиева Д.Ж.**